Бекитемин

Мектептин директору

Молдокулова А.К.

# Мектепте моралдык жана материалдык сыйлоо жөнүндө жобо

1. Жалпы маалымдоо:

Кыргыз Республикасынын эмгек кодексинин 145-беренесинин, мектеп уставынын 5.6, 5.22, беренелеринин жана Кыргыз Өкмөтүнүн 2011-жылдын 31-майындагы №270 токтомунун негиздеринде мектепте ийгиликтүү иштеген кызматкерлерди моралдык жана материалдык жактан сыйлоо,колдоо көрсөтүү, мотивациялоо максатында иштелип чыкты жана чейрек же жылдык иштин жыйынтыгы боюнча жүргүзүлөт.

2. Сыйлоонун түрү:

- Ыраазычылык билдирүү;
- Акчалай сыйлык берүү;
- Баалуу белек тапшыруу;
- Ардак грамота менен сыйлоо;
- Мамлекеттик сыйлыктарга көргөзүү;

3. Сыйлоонун критерийлери:

- Ишин сапаттуу аткарса;
- Жогорку жыйынтыктарды көргөзсө;
- Ишине жоопкерчиликтүү мамиле кылса;
- Коомдук иштерге активдүү натыйжалуу катышса;
- Окуучулары ар түрдүү конкурстарда ийгиликке жетишсе;
- Мектептин жетишкендиктерине чоң салым кошсо;
- Ишинин жыйынтыгы боюнча коомго таанытуу публикациялар болуу;

4. Сыйлоонун жолдору:

4.1 Мектепте сыйлоо боюнча комиссия түзүлөт -5 кишиден турган;

4.2 Комиссияга мугалимдерден , тарбиячылардан, ишчилерден

4.3 Комиссия өзүнүн ишин жобого ылайык жана мектептин уставына,законторуна таянып жүргүзөт.

4.4 Комиссиянын максаты: өз убагында туура,так,ачык,адилеттүү чечим кабыл алып мектептин жаааматына сыйлыктардын берилишине кам көрүү болуп саналат.

4.5 Комиссиянын отурумдары чейрек сайын бир жолу уюштурулуп протоколдонот жана ар бир мүчөсү кол коет.

4.6 Кабыл алган чечимдер мектептин директоруна билдирилет жана чечим мектептин буйругу менен бекитилет.

4.7 Жобо жаңы жобо кабыл алынганга чейин колдонулат.